УДК 392.1(=512.154)
DOI: 10.36979/1694-500X-2026-26-2-186-190

## РОЛЬ И ВОСПИТАТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ БАТА В КЫРГЫЗСКОМ ОБЩЕСТВЕ

***А.К. Таабалдиева***

*Аннотация.* Духовная культура кыргызского народа основана на многовековых традициях, нравственно-этических ценностях и глубокой философии. Кыргызский народ – один из древнейших, обладающий ценным наследием, передаваемым из поколения в поколение. Одним из таких наследий являются благословения – ценные образцы устного народного творчества кыргызов. Благословение – это форма произнесения добрых пожеланий, духовного наставления и средство сохранения общественного порядка, нравственных и этических норм. В батах отражаются история кыргызского народа, жизненный опыт, мировоззрение, обычаи и традиции, верования, дружеские и родственные связи, сознание и внутренний мир. История кыргызских бат глубокая и древняя. У кыргызов вера в силу ак бата (светлого благословения) сохраняется на протяжении веков. Рассматриваются природа кыргызских благословений, роль традиции бата в формировании духовного мира молодого поколения и её воспитательное значение.

*Ключевые слова:* светлое благословение; благословение; кыргызский народ; обычаи; традиции; сущность; поколение; обряды и поверья; воспитание; духовный.

## БАТАНЫН КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ РОЛУ ЖАНА ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

***А.К. Таабалдиева***

*Аннотация.* Кыргыз элинин руханий маданияты кылымдарды карыткан салт-санааларга, адеп-ахлактык баалуулуктарга жана терең философияга негизделген. Кыргыздар эң байыркы эл, алардын колдон-колго, урпактардан - урпактарга өткөрүп берген баалуу мурастары бар. Мындай мурастардын бири, кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгынын баалуу үлгүсү “баталар” болуп эсептелет. Бата берүү – бул ак тилек айтуунун, руханий дем берүүчү сөздүн жана коомдук тартипти, адеп-ахлактык нормаларды сактоонун формасы катары каралат. Баталарда кыргыз элинин тарыхы, турмуштук тажрыйбасы, дүйнөгө болгон көз карашы, каада - салт, үрп - адат, ишенимдери, достук, туугандык карым-катнаштары, аң - сезими, ички дүйнөсү чагылдырылган. Кыргыздардын ак баталарынын тарыхы узун. Макалада кыргыз ак баталарынын табияты, бата берүү салтынын жаш муундун руханий дүйнөсүн калыптандыруудагы ролу жана тарбиялык мааниси жөнүндө кеңири маалымат берилет.

*Түйүндүү сөздөр:* ак бата; баталар; кыргыз эли; үрп-адат; каада-салт; табият; муун; ырым-жырым; тарбия; руханий.

## THE ROLE AND EDUCATIONAL SIGNIFICAHCE OF BATA IN KYRGYZ SOCIETY

***A.K. Taabaldyeva***

*Abstract.* The spiritual culture of the Kyrgyz people is based on centuries-old traditions, moral and ethical values and deep philosophy. The Kyrgyz people are one of the oldest, who has a valuable heritage transmitted from generation to generation. One of these heritage is blessings – valuable samples of the oral folk art of the Kyrgyz. A blessing is a form of pronouncing good wishes, spiritual instruction and a means of preserving public order, moral and ethical norms. The battles reflect the history of the Kyrgyz people, life experience, worldview, customs and traditions, beliefs, friendly and kinship, consciousness and inner world. The story of the Kyrgyz battles is deep and ancient. In the Kyrgyz, Vera, by virtue of Ak Bata (bright blessing) has been preserved for centuries. This article discusses in detail the nature of the Kyrgyz blessings, the role of the tradition of Bat in the formation of the spiritual world of the young generation and its educational significance.

*Keywords:* Light blessing; blessing; Kyrgyz people; customs; traditions; essence; generation; rites and beliefs; education; spiritual.

**Киришүү**

Атаңдан бото калбасын,
Бата калсын.
"Жамгыр менен жер көгөрөт
Бата менен эл көгөрөт"

Ушул ыйык сөз миңдеген жылдарды арытып, канчалаган муунду карытып айтылып келет. Бул сөзгө кулагыбыздын көнүп болгону менен ага мамилебиз да азыр күндөлүк "аба, суу, нан" деген түшүнүктөрдөй эле кадыресе жөнөкөйлөшүп калган. Ыгы келген да, келбеген да жерден балп айтып сала беребиз. Бирок ошону айтып жатып ушул бир ооз сөздө "аба, нан, суу" деген дүнүйө түгөнгөн жердеги кундуу түшүнүктөрдөй эң түпкү улуу чындык мөл катылып калганын элес албайбыз. Ооба, суу тилеп, керсип турган боз талааны көнөктөп куйган жамгыр кандай жашартып, жан киргизип, тиргизип өтөөрү чын болсо, Ак батанын да адамдын жан дүйнөсүн асылтантаар таасири ошондой, табияты ошондой. Бата айтканда бул дагы буруу-терүүсүз чындык! Бирок биз муну байкабайбыз да, ойлонбойбуз да. Анткени көбүбүз батанын чыныгы озуйпасын гана эмес, бата сөздүн өзүн унутуп калган сыяктуубуз. Анын баркын, кадырын, касиетин, кудуретин, демин, турмуш жагдайдын миң бир кырдаалына карай жүрөк тереңинен миң түрлөнүп сызылып чыгаар адеми түрлөрүн кудум жер тамырынан балкып чыккан даамы-дарылыгы ар бөлөк арашан булак сыңары сезилип тургандай [1, 112-б].

Кыргыз элинин руханий маданияты кылымдарды карыткан салт-санааларга, адеп-ахлахтык баалуулуктарга жана терең философияга негизделген. Бул маданияттын ажырагыс бөлүгү – бата берүү салты. Бата берүү – бул ак тилек айтуунун, руханий дем берүүчү сөздүн жана коомдук тартипти, адеп - ахлахтык нормаларды сактоонун формасы катары каралат.

Ар бир элдин када-салты, үрп-адаты жана ырым-жырымдары бар. Каада-салт, үрп-адаттар нечен кылымдардын муундардын салттык көрүнүшү болуп саналат [2, 17-б].

Кыргыз эли нукура өзгөчөлүгү менен айырмаланган улуттук маданияттын бай казынасына ээ. Кыргыз элинин ак баталары, алкоолору тарыхтын татаал учурларына карабастан, муундан-муунга өтүп, ооз жүзүндө толук улантылып, карапайым элдин рухий дүйнөсүнүн бай кенчи болуп кала берди. Сөздүн магиялык күчү учурдагы, келечектеги жакшылыкты, ниетти, тилекти билдиргендигинде. Ооба, бата сөз аркылуу адамдын түпкүр касиетинен, кубатынан, аялуу сырынын сызылып сыртка чыгышы. Ошон үчүн байыркылар "бата-сөздүн атасы" дешкен. Бул тек ооз учунан айтылган кеп эмес, мүлдө жашоо турмушун жетекке алган жан мыйзамы болгон. Ошондуктан, башына баш кошулуп, келин алып балкып отурган үй-бүлө болобу, эл милдетин мойнуна алып сапарда жүргөн эр азамат болобу, же бул дүйнөдө артында тукум калбай балага зар пенде болобу, бүтүндөй эки элдин тагдыры ортодо калчанып, жеңилгени кылычтан өтөөр кыямат күн тууп, жаат мелтиреп турган чакта жаадай атылып ортого чыгып, ат ойнотуп, кыл чайнап, "бата, бата, бата!" деп бакырып жекеге чыккан эр болобу, баары батага кайрылган. Ак батага, дили дирилдеп бата тилешкен. Ар кандай чоң, кичи маанилүү иш бата менен башталып, бата менен аяктаган. Батада күч да, дем да, кубат, кудурет да, ишеним, эрк да, баары болгон [1, 78-б.].

Ак баталардын наркын көтөргөн дагы бир нерсе, ал кыргыздын сөз маданиятын алып жүргөндүгүндө.

Ак бата уйкаштык жагынан кудум эле ырдай түзүлөт. Бул жагынан алып айтканда кыргыз ырларынын бир түрү деп айтса да туура келчүдөй десек жаңылбайбыз. Бирок Ак бата кумдай чачылган турмуштун жакшылык жагын жактайт. Ак бата – бул алкоо. Кыргыз улуту ак батаны, алкоону, жакшылык тилөөнү эненин мээриминдей сезгендигинде [2, 24-б.].

**Изилдөө бөлүгү.** Бир тилдин баяндоо кубаты менен анын сөздүк корундагы сөздөрдү санынын көп болуусу менен гана ченелбей, ал сөздөр маанини адам дилине жеткирүүсү, мээге кыт кылып куюсу аркылуу өлчөгөнү жөн. Кыргыз тилинде дилине чейин барып сая турган баян кубатынын бирөө – ак баталар. Ак баталар кыргыз тили менен жаратканга, ээге, теңирге өзүнүн ички баянын тике айтып, нурдан жасалган аркан менен карапайым адамдардын дилин жаратканга күрмөп байлап салганга чейин жеткен. Бул

кыргыз тилинин кубаты, деминин эң бийик жери дээр элек. Ак баталар адамдын жүрөгүнө (дилине) төтө тийип, денени көшүлтүп салышы, тетири батанын (каргыштын) жүрөк зыркыратып сөөктөн өтүшү – мына булар сөздүн кубаттуулугун көрсөтүп турганы эле.

Кыргыздардын ак баталары “жылуу сөздөр” деп аталат да, бул “жылуу сөздөрдү” айтканда, адамдын дили жумшарып эле калбай, арийне жылан мөйүп ак сөзгө таасир этип, “жылан ийинден чыгат”деген бек ишенимге чейин барып жеткен [2, 89-б.].

Кыргыздарда батага болгон ишеним байыркы доорлордо эле калыптанган. Аларда ар бир нерсенин ээси болот деген түшүнүк болуп, Батада табияттын, кубулуштардын ээлеринен, пирлеринен (жараткан, теңир, Кыдыр ата, Умай эне, Дөөтү ж.б.) ата-бабалардын арбагынан, колдоочулардан (Мухаммед, Ильяс, Сулайман, Батма-Зуура, Азирет ж.б. пайгамбарлар) көмөк, колдоо суранган өтүнүчү айтылат. Батага болгон ишеним “бата-сөздүн атасы”, “атаңдан бото калбасын, бата калсын”сыяктуу калк арасында айтылып жүргөн макалдардан байкалат. Кыргыздын салттуу турмушундагы бала тарбиялоодо анын орду омоктуу. Ымыркай кезинен эр жеткенге чейин берилүүчү ак баталар баланын зээнине сиңип, эл берген батадагы адамдык сапаттарга ээ болууга калыптанып тарбияланган. Айрым учурда жаман жорукту таштабай турган адамдардын ичинде “батамды берейин” деген сөздү укканда ниетинен кайткандар болгон [2, 67-б.].

Бата алуу – эл ичинде кадыр-барктуу, отуруп-турганы нарктуу, айткандары эм, улуу-кичүүлөргө дем, урмат-сыйы бирдей, жекече касиет жылоологон карыя – байбичелерге атайын жолдук менен баруу. Бата алуу – балалуу болууга, алыс сапарга аттанууда, сапардан аман – эсен кайтууда, ойлогон оюна, тилеген максатына ийгиликтүүгө кылган далалат. Мында үйүнө чакырып, чүйгүн тамактар менен даам сыздырып, кийит кийгизүү аракеттери да жүзөгө ашат. Бата даам таткандан кийин берилет. Бата тилеген келин-кесектер алгач жүгүнүп, улууларга баш ийип, таазим кылышат. Бата алаарда турушуп, эки колун бооруна алышат.  Артында «Тегин кишиден бата албаган», «Анын батасы тийген», «Батадан жаралган бала»… өңдүү сөздөр айтылып калат [3, 65-б].

Батаны журт ичинде кадыр-барктуу, нускалуу даанышман карыялар, эл акылмандары, көсөмдөр беришкен. Алардан бата алуу үчүн алыстан ат арытып келгендер же ылайыктуу учурду байкаштырып бата алгандар болгон. Жалпы элдин батасы касиеттүү ыйык саналып, азыркы учурда да кээде эл чакырып, бата суралат. Анын бүгүнкү күнгө чейин сакталып келе жаткан түрлөрү көп [2, 67-б.].

Эл оозундагы эзелтен айтылган батага байланышкан не бир керемет уламыштарга назар салып карасак, анда ата-бабалардын жандын жабык сырларына карай салынган жолу канчалык аяр, канчалык таамай,айтылган ойдун терең болгондугуна, айласыз, айласыз баш чайкап, таң бербеске арган жок. Бул чыныгы тереңин эч кандай акылда аңдап, эсте калчап түшүнүүгө мүмкүн болбой турган жабык сыр. Анткени ал дал ошол учурда гана, же мезгил-мейкиндин деминде гана адам дили асман зилине дирилдеп ийип жуурулуп кеткен мөрт, кулачы боюна оролушуп өрүлүп өткөн учур. Ал ирмем кайталангыс, жалгыз кийин жок. Агып кеткен, булут менен кошо. Жел менен сыза, асман түбүнө оодарыла. Бата тилеген да, бата берген да абал чыныгы табиятында кайталангыс. Учу теңирде жаткан. Батанын ыйыктыгы ушунда [4, 56-б.].

Бата бериле турган учурлар да өзгөчө туюлат. Элибизде “Ботонун куну-бир жут, батанын куну-миң кут” – деген кептин түйүнү ушул жакта. Ошондуктан анык батакөйлөр да батаны туш келди эле сураганга эле, же кайсы бир учур болсо да бере берген эмес. Батанын, ийилип  алаар адамы, көлкүп-балкып берилээр күнү, сааты болгон. Батага зарылган муңайым пенде ошол учурду издеген, күткөн. Бата сурагандын да, бата бергендин да дили, жүрөгү  аркылуу өтөөр байланыш жол. Эртеңди  коюп кечээгиге эле келсек, сарбагыш Ниязбек атаны (сегиз бектин атасы) айдын белгилүү ган күндөрүндө бата берчү дешет. Батасы кайтпаган дөөлөс сарт аке тууралуу да ушундай аңыз сөздөрдү айтышат.

Айтылган батанын ички табиятына байланыштуу ойлор орошон. Чындыгында, баталардын өзү кылымдарды карытып, замандан-заманга, муундан-муунга кызмат кылып

келгени анык. Мисалга алсак, батанын сенин дилиңде жуурулушуп, сенин каныңда агып, сенин жаныңдын илебинде жылып, “Сеники” болуп берилишинде. Бата тиленип жаткан шарткырдаалдын учуру камтылып, байыркы бата өзөгүнүн байытылып берилишинин зарылдыгы айтпаса да түшүнүктүү. Бата ошон үчүн дайым тирүү, жандуу, заманга эриш-аркак болуп келгендигинде [3, 59-б.].

Бул күндө биз ыйман тууралуу көп айтабыз. Ырасында эле сыртта ыймансыздыктын болуп көрбөгөндөй көрүнүштөрү тууралуу угуп келебиз. Ар иштин көзү бар. Ыйман да батага бүткүл ниетин буруп, ыкласын төшөп, дили дирилдеп бата тилегенде тирилет. Бата тилөө – ыйман алдында жоопкерчилик алуу. Демек, батанын азыркы замандагы озуйпасы өзгөчө [4, 94-б.].

Батанын башы, бул бала үчүн ата-энеден алган бата болуп эсептелет. Ошондуктан кыргыз элинде ата-энеңдин көзү тирүүсүндө бата ал, ыраазы кыл, ата-эненди ыраазы кылмайынча, анардын ыйык батасын алмайынча ишиң жүрүшпөйт, жолуң ачылбайт деген сөз төгүн жеринен чыкпаса керек. Ата-эне баланы мүлдө жан-жаратылышка, анын бийик ээсине жалгап турган жападан-жалгыз жалгап турган көпүрө сыңары. “Ата-эненин артында кудай турат” деген кыргыздын кыраакы сөзү да ушундан чыкса керек. Чоң кудайдан кийинки эле, Кудай-Ата-Эне.

Бул тууралуу Ак Бата да: “Атам” деп жадында жүргөн жанды,

Аркы дүйнөдө Теңирим колдосун.

“Энем” деп эсине түйгөн жанды,

Эки дүйнөдө эгем колдосун, – деп мындай жанга батанын эң бийигин –ыйыгын ыроологон. Батанын да батасы, Бул – Элдин батасы. Элдин батасын алган азамат Ата-Энеден артылып барып Эл уулуна айланган жан. “Баталуу эр арыбас, батасыз эр жарыбас” деген макалдын, Ата-Эненин эле уулу болбой, Элдин уулу бол” деген алкыштын да мааниси ушул. Ал эми Ак батанын тилеги бу:

Бир үйдүн баласы болбо,
Миң үйдүн санаасы бол.
Бир элдин Атасы болбо,
Миң элдин Даанасы бол.

Бата – адамдын Теңири менен жекеме-жеке байланыш жолу [1, 71-б.].

Бата – бул ак ниет тилек, көбүнчө улуу муундагы адамдар тарабынан жаштарга, конокторго же маанилүү учурларда айтылуучу ыйык сөздөр. Бата жалаң гана тилек эмес, ал социалдык байланыштын, тарбиянын, мотивациянын жана биримдиктин формасы болуп эсептелет. Кыргыз этнографиясында баталар ар түрдүү кырдаалдарда колдонулат: жолго чыкканда, үйлөнүү үлпөтүндө, жаңы үйгө киргенде, согуштан кайткандардын урматына жана башка учурларда.

Бата берүү салты кыргыз элинин тарыхында терең тамыр жайган. Бул салт байыркы доорлордон бери элдин руханий жашоосунда маанилүү орун ээлеп келген. Бата берүү аркылуу улуу муун жаштарга ак тилек айтып, аларды адептүүлүккө, улууну урматтоого, элге кызмат кылууга тарбиялап келген [5, 74-б.].

Бата берүү – бул баланы, жаштарды адептүүлүккө, улууну урматтоого,элге кызмат кылууга, ынтымактуулукка тарбиялоонун куралы. Бата аркылуу улуу муун жаштарга үлгү болуучу жүрүм-турум эрежелерин да сунуштап келет. Мисалы, “Атың чыксын жакшы адам катары”, же “Элиңе кызмат кылган уул бол” деген тилектер жаш муундун аң-сезимине түздөн-түз таасир этүүчү фактор болуп саналат [3, 77-б.].

Бата берүү аркылуу коомдогу социалдык байланыштар бекемделет.

Жаштар улуу муундан бата алып, коомдогу өз ордун түшүшүшөт жана жоопкерчилик сезимин калыптандырышат. Бул коомдук тартипти жана ынтымакты сактоого жардам берет. Бул салт аркылуу ажамдар бири-бирине болгон урмат-сыйын көрсөтүшөт жана коомдук ынтымакты сакташат.

Бата берүү салты кыргыз элинин маданий мурастарынын ажырагыс бөлүгү болуп саналгандыктан,  бул салт аркылуу муундан – муунга маданий баалуулуктар, адеп-ахлактык нормалар жана руханий дөөлөттөр өткөрүлүп келет.

Азыркы учурда коомчулукта бата берүү салты ар кандай формаларда улантылып келет. Бул салт үйлөнүү үлпөттөрүндө, жаңы үйгө көчкөндө, жолго чыкканда жана башка учурларда колдонулат.

Бата берүү салты аркылуу адамдар бири-бирине болгон урмат-сыйын көрсөтүшөт жана коомдук байланыштарды бекемдешет.

Бата берүү салты бүгүнкү күндө да өзүнүн актуалдуулугун жоготпой келет. Бул салт аркылуу адамдар руханий дем алышат, коомдук байланыштарды бекемдешет жана адеп-ахлактык нормаларды сакташат.

**Жыйынтык.** Баталардын баалуулугу кыргыз элинин улуттук менталитетин, көз-карашын, дүйнө түшүнүгүн, тарбия берүү башатын чагылдыргандыгында. Адам төрөлгөндөн баштап өлгөнгө чейин берилген баталарда элдин жашоо турмушундагы ак-каранын ажырымы өтө айкын берилип, жакшы сапаттарды «бер, болсун, жалгасын» деп суранса, «болбосун, келбесин, сактасын» деген сөздөр менен жаман жорук-жосундардан оолак болуууну каалашкан.

Баталар ошондой эле кыргыздын сөз маданиятын  алып жүргөндүгү менен баалуу. Жылуу сөздөр, ак тилектер баталардын каражаты катары колдонулуп, кыргыздын сөз маданиятын калыптандыра баштаган [1, 67-б].

Баталар ар кандай турмуштук жагдайларда аткарылып эле калбай, кыргыз адабиятынын башка жанрларында да зор көркөмдүк каражат катары колдонулуп келет.

Бата – кыргыз элинин руханий дүйнөсүнүн терең катмары. Анын тарбиялык мааниси бүгүнкү күндө да өзүнүн актуалдуулугун жоготпой келет. Балдарга, жаштарга ак тилек айтуу аркылуу улуу муундагылар нравалык, руханий жана социалдык баалуулуктарды берип келишет. Демек, бата – бул жөнөкөй сөздөр жыйындысы эмес, бул коомду кармаган, аны бириктирген, келечек муунду тарбиялаган руханий билим болуп эсептелет.

Кылымдардан бери колдонулуп келе жаткан баталардын пайда болгон болгон мезгилин, колдонулган доорлорун так айтуу мүмкүн эмес. Баталар кыргыз фольклорунун башка жанрлары сыяктуу эле өсүп-өнүгүп, стадиалдуу катмарда калыптанып келе жаткан салттуу поэзиябыздын бир бөлүгү болуп саналат. Убакыт аралыгында бул жанрдын тематикасы да өзгөрүлүп, улам кошулуп, байып келери талашсыз. Бирок канчалык өзгөрүлгөн менен байыркы салттуулуктун нугун жоготпой, заманына жараша маани - мазмунунан четтебей колдонулуп келери чындык [4, 19-б.].

Макалада батага байланыштуу жарыкка чыккан эмгектерден пайдаланып,  баталардын табиятын, тарыхын, анын ыйык күч-кубатка, жаратуучу күчкө ээ экендигине  басым жасадык. Ошондой эле  бата берүү салтынын жаш муундардын руханий дүйнөсүн калыптандыруудагы ролу жана тарбиялык мааниси жөнүндө кеңири маалымат бере алдык.

Поступила: 26.09.2025;
рецензирована: 10.10.2025; принята: 13.10.2025.

***Пайдаланылган адабияттар***


1. Каада-салттар. Ак баталар. «Эл адабияты» сериясынын 29-тому / А. Акматалиевдин жалпы ред. астында; Баш сөзүн жазгандар Н. Ыйсаева, М. Өмүрбай уулу; Түзгөндөр: А. Акматалиев, К. Кырбашев, М. Өмүрбай уулу, Ө. Шаршеналиев / Кырг. Улут. И. А. ж.б. Б.: «Шам», 2003. 400 б.
2. *Жапанов А.А.* Ак баталар, алкоолор, ырымжырымдар / А.А. Жапанов. Бишкек, 2022. 517 б.
3. *Иманалиев Э.* Ак таңдагы ак бата / Э. Иманалиев. 2-басылыш. Бишкек, 2020. 126 б.
4. *Акматов Б.* Алкоо же бата берүү салты / Б. Акматов // Кыргыз маданият борбору. Бишкек, 2014. 340 б.
5. *Абдылдабеков Т.* Бата ал / Т. Абдылдабеков. Бишкек: Турар, 2016. 285 б.